| | |
|---|---|
| **И. Арабаев атындагы КМУнун** | **БЕКИТЕМ** |
| **Окумуштуулар кеңешинде** | **И. Арабаев атындагы КМУнун** |
| **каралды** | **ректору Абдраева А.Т.** |
| **Протокол № 02** | ______ |
| **"27" 09 2024-ж.** | **"30" 09 2024-ж.** |

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ МЕКЕМЕ. БИШКЕК Ш. 01212199610111

# И.АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН МАГИСТРАТУРА БОЮНЧА ЖОБО

**БИШКЕК - 2024**

Бул Жобо И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин (мындан ары университет деп аталат) уставдык жоболору жана КР Билим берүү жана илим министрлигинин (БИМ КР) жетектөөчү документтерин ишке ашыруу боюнча профессордук-окутуучулар курамынын ишмердүүлүгүнө багыттарды жана тартипти аныктаган негизги эрежелердин жана принциптердин жыйындысын аныктайт.

Жобо, профессордук-окутуучулар курамынын жана магистранттардын илимий-изилдөө жана окуу-тарбиялоо процесстеринин формалары менен методдорун уюштуруу, жакшыртуу боюнча магистрдик даярдыкты уюштуруудагы жана ишке ашыруудагы милдеттүү минималдуу деңгээлдин талаптарын аныктаган документ болуп саналат.

## 1. ЖАЛПЫ ЭРЕЖЕЛЕР

1.1. Бул жобо Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамына (11.08.2023, №179) жана Кыргыз Республикасынын жогорку билим берүү структурасынын көп деңгээлдүү системасына жана башка нормативдик документтерге ылайык иштелип чыккан.

1.2. Бул жобо И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинде магистратура программасы боюнча адистерди даярдоо процессин жөнгө салат.

1.3. И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинде магистрлерди даярдоо ББИМден аныкталган лицензияга ылайык багыттарда өткөрүлөт.

1.4. И.Арабаев атындагы университетиндеги магистрлерди даярлоо жана уюштуруунун негизги максаттары:
- кадрларды даярдоонун деңгээлдик системасын ишке ашыруу;
- тиешелүү тармак боюнча кеңири билимдүү жана терең адистештирилген профессионалдык билим алууга багытталган, илимий - изилдөө жана илимий-педагогикалык иштерди өздөштүргөн, өз алдынча иш алып бара алган адистерди даярдоо;
- профессионалдык жана практикалык компетенцияларга, башкаруу билгичтигине жана көндүмдөрүнө ээ, маалыматтык- байланыш технологияларын колдонууга жөндөмдүү, аналитикалык жана консультативдик ишмердүүлук методологиясын өздөштүргөн, адистерди даярдоо.

1.5. Магистратураны жалпы жетектөө И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин ректору жүргүзөт, ал эми магистратура ишин уюштуруу университеттин окуу иштери боюнча проректоруна жүктөлөт.

1.6. Магистратура программасы боюнча даярдоо «магистр» квалификациясын ыйгаруу менен жыйынтыкталып, Мамлекеттик үлгүдөгү диплом берилет.

1.7. Магистратура программасын ачуу ББИМден алынган лицензияга негизделет.

1.8. И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин магистратурасындагы окутуу бюджеттик каржылоо жана контракттык негизде жүргүзүлөт.

1.9. Магистратурада күндүзгү (2 жыл) жана сырттан (2,5 жыл) окутуу формалары жүргүзүлөт.

1.10. Магистратура программасына тиешелүү багыт боюнча же ошол багытка жакын «бакалавр» даражасын, «адистик» боюнча жогорку билимин тастыктаган диплому бар жарандар кабыл алынат.

## 2. МАГИСТРАТУРАГА КАБЫЛ АЛУУ ЭРЕЖЕЛЕРИ

2.1. Магистратурага кабыл алуу И.Арабаев атындагы университетинин кабыл алуу эрежелерине ылайык жүргүзүлөт.

2.2. Магистратурага жогорку билим тууралуу негизги билим берүү программасын аяктаган, лицензиялуу жана мамлекеттик аттестациядан өткөн, аккредитациялаган ЖОЖдор тарабынан берилген жогорку билимин тастыктаган дипломго ээ талапкерлер кабыл алынат.

2.3. Магистратурага Кыргыз Республикасынын жарандары, ошондой эле башка өлкөлөрдүн жарандары конкурстук негизде кабыл алынат.

2.4. Магистратурага документтер И.Арабаев атындагы университетинин кабыл алуу эрежесине ылайык ишке ашырылат.

2.5. Магистратурага кирүү сынактары И.Арабаев атындагы КМУнун ректору тарабынан бекитилген комиссия тарабынан жүргүзүлөт

2.6. Талапкерлердин документтерин кабыл алуу жана конкурстук иш-чараларды уюштуруу кабыл алуу комиссиясы тарабынан белгиленген мөөнөттө жүргүзүлөт.

## 3. И.АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КМУДА МАГИСТРАТУРАНЫ ЖЕТЕКТӨӨ

3.1. Магистратура программасына жалпы жетекчилик жана магистратура программасынын ишке ашырылышын контролдоо И.Арабаев атындагы КМУнун ректору тарабынан ишке ашырылат.

3.2. Программанын жетекчиси кафедра башчысы менен бирге магистратура программасынын окуу планынын иштелип чыгуусун көзөмөлдөйт, магистратура программасынын жалпы илимий мазмундук бөлүгүн башкаруу, атайын дисциплиналар блогунун мазмунун аныктоо, магистранттарды программасы боюнча даярдоонун сапатына жооп берет, магистрлик иштердин темасын эксперттик баалоо жана түзөтүү жүргүзөт, магистрлик иштердин коргоосун уюштурат.

3.3. Магистратуранын негизги билим берүү программасы (НББП) квалификациялуу илимий-окутуучу кадрлар тарабынан камсыздалышы керек, алар билим берүү дисциплиналарынын профилине ылайыктуу негизги билимге ээ болушу керек. Ал эми магистратура боюнча окуу процесин камсыз кылган окутуучулардын 60% кем эмес илимдин доктору, илимдин кандидаты даражасына ээ болушу керек (анын ичинде PhD даражасы да болушу мүмкүн).

3.4. Магистранттын илимий жетекчиси магистранттын билим берүү жана илимий ишмердигин түздөн-түз башкаруу жүргүзөт, магистрант менен бирге анын жеке планын түзөт жана анын билим берүү жана илимий бөлүктөрдүн бардык бөлүктөрү боюнча аткарылышын көзөмөлдөйт. Илимий жетекчи ошондой эле магистранттын бүтүрүүчү магистрдик ишинин даярдыгын башкаруу менен алектенет.

3.5. Магистранттын жеке планын ишке ашыруу бөлүгү тиешелүү магистратура программасынын жетекчисинин түздөн-түз башчылыгында болот.

3.6. Эгерде магистрдик диссертациянын темасы боюнча илимий изилдөө бир нече илимий тармактар менен жүргүзүлсө, бир же бир нече консультанттарды бекитүүгө болот, алар тиешелүү кафедранын жыйынында бекитилет.

## 4. МАГИСТРЛЕРДИ ДАЯРДООНУН НЕГИЗГИ БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫНА ЖАЛПЫ ТАЛАПТАР

Магистрлерди даярдоо боюнча негизги билим берүү программасы тиешелүү ЖОЖдун мамлекеттик билим берүү стандартына (ГОС ВПО КР) негизделип иштелип чыгат жана окуу планын, илимий - педагогикалык практиканы, илимий-изилдөөчү практиканы жана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны камтыйт.

4.1. Магистратура программасынын дисциплиналарынын аталышы жана мазмуну тиешелүү бакалавриат программасынын дисциплиналарынын аталышын жана мазмунун кайталоого болбойт.

4.2. Дисциплиналардын жана практикалардын жумушчу программалары окуу иштери боюнча проректор тарабынан бекитилет жана магистратуранын квалификациясына ылайык билим алуу натыйжаларына болгон талаптарды, билүү, көндүмдөр, чеберчиликтер, компетенциялардын тизмесин камтышы керек.

4.3. Магистранттын илимий-окутуучу практикасы билим берүү багытынын окутуу методикасы боюнча теориялык билимдерди бекемдөө үчүн багытталган жана жогорку окуу жайында окутуу көндүмдөрүн алуу мүмкүнчүлүгүн берет. Практика лекциялык жана семинардык материалдарды даярдоо, методикалык иштеп чыгууларды даярдоо, лекциялар окуу жана семинарлык сабактарды өткөрүү түрүндө жүргүзүлөт.

4.4. Магистранттын илимий-изилдөө практикасы алган теориялык билимдерди бекемдөө, профессионалдык ишмердүүлүктүн көндүмдөрүн алуу, теориялык билим алуу процессинде алынган билимдерди жана компетенцияларды тереңдетүү жана бекемдөөгө багытталат.

## 5. МАГИСТРАТУРАДА ОКУУ ПРОЦЕССИН УЮШТУРУУ

5.1. Окуу процесси магистратура программасынын окуу планына ылайык уюштурулат, ал тиешелүү багыттар боюнча МБС ЖКББ (ГОС ВПО) негизинде иштелип чыгат.

5.2. Магистратура программасынын жүктөмү 120 кредитти түзөт, бир окуу жылында 60 кредитти аткаруу керек. Кредиттер ар бир дисциплинага берилет, ал дисциплиналар окуу планында камтылат.

5.3. Окуу процесси семестр боюнча 16 жумага, ал эми окуу жылы боюнча 32 жумага эсептелет.

5.4. Магистратурага даярдоо билим берүү жана илимий-изилдөө программаларын камтыйт. Билим берүү бөлүгү мамлекеттик, университеттик, шайкеш келүүчү компоненттерди жана даярдык багыттары боюнча дисциплиналарды камтыйт, алардын мазмуну акыркы илимий жана техникалык жетишкендиктерди чагылдырууга тийиш. Илимий-изилдөө бөлүгү магистранттар тарабынан багыт жана адистик боюнча илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүнү, алардын жыйынтыктарын апробациялоону, илимий-изилдөө ишмердүүлүгүнүн ыкмаларын, методдорун жана формаларын өздөштүрүүнү жана бүтүрүүчү квалификациялык иш жазууну милдеттендирет.

5.5. Илимий жана педагогикалык багыттагы билим берүү программаларына илимий-педагогикалык жана илимий-изилдөө практикаларын өткөрүү каралышы керек. Илимий-педагогикалык практика жогорку профессионалдык мектепте окутуу көндүмдөрүн

калыптандыруу максатында өткөрүлөт. Практиканы өткөрүү боюнча жетекчилик бүтүрүүчү кафедранын окутуучу-профессордук курамы тарабынан жүргүзүлөт. Ал жеке иш планына ылайык, окуу планы менен белгиленген мөөнөттө ишке ашырылат. Магистранттар бүтүрүүчү кафедранын окуу процесстерине катышып, окутуучулардын көзөмөлү астында лекциялык жана практикалык сабактардын зарыл циклин өткөрүүсү керек. Илимий-изилдөө практикасы магистранттын жеке иш планына ылайык, окуу планы тарабынан белгиленген мөөнөттө өткөрүлөт. Практиканы өткөрүүчү уюмдун же жумуш берүүчүнүн кошумча талаптары эске алынат. Практиканын жыйынтыгы болуп, учурдагы нормаларга ылайык түзүлгөн, бүтүрүүчү квалификациялык иш (магистердик иш) болушу керек, ал кафедрага илимий жетекчинин пикири менен берилет.

5.6. Магистрлик программанын жетекчиси өз алдынча магистратуранын негизги билим берүү программасын (НББП) иштеп чыгат, ал төмөнкүлөрдү камтыйт: окуу планы, окуу курстарынын жумушчу программалары, дисциплиналары жана билим берүүнү, тарбиялоону жана студенттердин даярдыгынын сапатын камсыздоочу башка материалдар. Ошондой эле практикалар жана илимий-изилдөө иштеринин программалары, жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация, календардык окуу графиги жана тиешелүү билим берүү технологиясын ишке ашырууну камсыздоочу методикалык материалдар менен камтылат.

5.7. Окуу планындагы ар бир компоненттин мазмуну жана анын деңгээлин өздөштүрүүгө болгон талаптар дисциплиналардын жумушчу программалары, практикалардын программалары, магистранттын өз алдынча иши жана бүтүрүүчү квалификациялык ишке болгон талаптар менен аныкталат.

5.8. Магистрлерди даярдоону ишке ашыруунун методикалык колдоосун камсыздоо үчүн дисциплиналар боюнча окуу-методикалык комплекстер (ОМК), практикаларды өтүү боюнча методикалык материалдар, ошондой эле семестр ичинде өз алдынча жана илимий-изилдөө ишмердүүлүгүн уюштуруу, магистранттын жыйынтыктык аттестациясы жана башка түрдөгү окуу ишмердүүлүгүн камсыздоочу методикалык материалдар иштелип чыгат.

5.9. Магистранттын семестр ичинде өз алдынча иши, практикаларды өтүү, магистранттардын илимий-изилдөө иши жана бүтүрүүчү квалификациялык иши (магистердик иш) кафедранын базасында ишке ашырылат.

5.10. Магистрант менен түздөн-түз жетекчилик кылуу магистранттын илимий жетекчиси тарабынан жүргүзүлөт.

5.11. Магистранттын жетекчиси илимий даражага ээ болушу керек. Магистранттын жетекчисин тандоо жана магистрлик иштердин темасын бекитүү белгиленген тартипте, магистратурада окуунун экинчи семестринен кечиктирилбестен жүргүзүлүшү керек.

5.12. Магистратура программалары боюнча окуунун мөөнөтү күндүзгү формада – 2 жыл, сырттан (2,5 жыл) (дистанттык технологияларды колдонуу менен). Магистратура программасын кыскартылган мөөнөттө өздөштүрүүгө жол берилбейт.

## 6. МАГИСТРАНТТАРДЫН ОКУУ ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛОО ЖАНА КӨЗӨМӨЛДӨӨ ТЕХНОЛОГИЯСЫ

Магистранттар тарабынан ар бир дисциплинанын өздөштүрүлүшү кредиттер боюнча жүргүзүлөт жана ал баллдык-рейтингдик система боюнча бааланат, ал учурдагы жана жыйынтыктык контролдорду өткөрүүгө негизделет.

6.1. Магистранттардын экзамен тапшыруусу жана кредит топтоосу жумушчу окуу планына жана программаларына ылайык, сынактын убактысы, аудиториялары жана окутуучулардын аты-жөнү көрсөтүлгн жүгүртмөгө ылайык өткөрүлөт.

6.2. Экзамендер студенттин алган билимин контролунун негизги формаларынын бири болуп саналат жана алар окуучулардын семестр ичинде аткарган ишин баалоону, теориялык билимдерди өздөштүрүүнүн денгээлин баалоону, өз алдынча иш жүргүзүү көндүмдөрүн текшерүүнү, алынган билимдерди анализдеп, практикалык жана кесиптик тапшырмаларды чечүүгө колдонуу жөндөмүн баалоону максат кылат.

6.3. Эгер дисциплина боюнча экзамен болбосо, зачеттор/аттестациялар теориялык билимдерди баалоонун формасы болуп саналат.

6.4. Курс боюнча окуу планын толук аткарган, бардык экзамендерди тапшырган жана талап кылынган кредиттерди топтогон магистранттар ректордун буйругу менен кийинки курска которулат.

6.5. Магистрант белгиленген убакыт ичинде дисциплина боюнча талап кылынган кредиттерди топтой албай калган болсо, бирок документалдуу түрдө тастыкталган жүйөлүү себептери (жеке кырдаалдар, табигый кырсыктар, ооруу) болсо, экзамен тапшыруу графигине ылайык кайра тапшыруу жүргүзүлөт.

6.6. 60 кредиттен азыраак, бирок 45 кредиттен көп топтогон магистранттар, университеттин ректорунун уруксаты менен кийинки курска которулушу мүмкүн, бул учурда окуу жыл ичинде же жайкы семестрде сынактарды тапшыра албаган дисциплиналарды кайра окуу шарты менен (кийин улантыла турган дисциплиналарды эске албаганда) жүргүзүлөт.

6.7. Сынак тапшыра албай калган дисциплиналарды кайталап окуган магистранттар бул дисциплиналарга кайрадан катталып, окуу акысын төлөшөт (окуу формасына жана түрүнө карабастан: контракт, бюджет/ күндүзгү, сырттан).

6.8. Белгиленген мөөнөттө кайталанган дисциплинаны тапшыра албаган магистрант университеттен чыгарылат.

## 7. БҮТҮРҮҮЧҮЛӨРДҮН ЖЫЙЫНТЫКТООЧУ МАМЛЕКЕТТИК АТТЕСТАЦИЯСЫ ЖАНА БҮТҮРҮҮЧҮНҮН КВАЛИФИКАЦИЯЛЫК ИШИНЕ (МАГИСТЕРДИК ИШ) КОЮЛГАН ТАЛАПТАР

7.1. Магистратурада даярдык бүтүрүү жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация менен аяктайт, ага төмөнкү сыноолор кирет:

- Бүтүрүүчү квалификациялык ишти (магистердик ишти) коргоо;
- МА (комплекстүү экзамен) адистик боюнча бүтүрүү экзамен.

7.2. Бүтүрүүчү квалификациялык иш – магистердик иш - жогорку квалификациялуу адис тарабынан жетекчилик кылып жүргүзүлгөн өз алдынча илимий изилдөөнүн отчету болуп саналат. Иштин мазмуну теориялык жана эксперименттик изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын, жаңы методдорду жана методикалык жакындоолорду иштеп чыгууну камтыйт.

7.3. Бүтүрүүчү квалификациялык иштердин (магистердик иштин) тематикасы профессионалдык тапшырмаларды чечүүгө багытталган болушу керек. жана магистердик программага ылайык болушу керек.

7.4. Бүтүрүүчү квалификациялык иштердин (магистердик иштин) темалары магистранттардын жетекчилери тарабынан магистердик программалардын жетекчилери менен биргеликте, тыштан буйрутма берүүчүлөрдүн (кесиптик коомдор, иш берүүчүлөрдүн өкүлдөрү) катышуусунда иштелип чыгат. Магистрант квалификациялык иш үчүн (магистердик иштин) аны иштеп чыгуунун негиздемесин көрсөтүү менен өз темасын сунуштоого укуктуу.

7.5. Бүтүрүүчү квалификациялык иштин темасы (магистердик иштин) биринчи семестрде И.Арабаев атындагы КМУнун илимий-техникалык кеңешинде бекитилет.

7.6. Айрым учурларда, жүйөлүү себептердин (өндүрүштүк муктаждык, жетекчини алмаштыруу ж.б.) болушу менен, бүтүрүүчү квалификациялык иштин (магистердик иштин) темасын 2-чи семестрге чейин өзгөртүүгө болот. Бүтүрүүчү квалификациялык иштин (магистердик диссертациянын) темасын өзгөртүү белгиленген тартипте расмий түрдө жүргүзүлөт.

7.7. Бүтүрүүчү квалификациялык иш (магистердик иш) жетекчи жана рецензент тарабынан тиешелүү көрсөткүчтөр боюнча бааланат.

7.8. Бүтүрүүчү квалификациялык ишке (магистердик ишке) коюлган талаптар:

- изилдөөнүн темасынын өзгөчөлүгү;
- жыйынтыктардын жаңылыгы;
- коргоого чыгарылган негизги маселелер;
- коргоого коюлуучу жоболордун илимий-практикалык мааниси;
- алынган жыйынтыктардын тактыгы.

7.9. Магистрдик диссертациянын көлөмү болжол менен 65-90 бетти түзүшү керек, Times New Roman шрифти, 14 өлчөмүндө, 1,5 интервал менен компьютерде терилиши керек.

7.10. Бүтүрүүчү квалификациялык иш (магистердик иш) белгиленген талаптарга ылайык түзүлүшү керек.

7.11. Жыйынтыктоочу мамлекеттик сынактардан өтпөй калган бүтүрүүчүлөр документ менен такталган жүйөлүү себептери бар болсо (медициналык көрсөтмөлөр, үй-бүлөлүк кырдаалдар) окуудан чыгарылбай, кайрадан жыйынтыктоочу аттестациялык сыноолорду тапшырууга мүмкүнчүлүк берилет.

7.12. Эгерде кайра тапшыра турган жыйынтыктыктоочу мамлекеттик аттестация Бүтүрүү ишин коргоо болуп саналса, анда бүтүрүүчү окуу планында белгиленген убакыт ичинде магистердик квалификациялык ишти жаңы тема боюнча аткарышы керек.

7.13. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялык сыноону кайра тапшыруу үч айдан эрте, беш жылдан кечиктирилбей уюштурулушу керек. Кайталанган жыйынтыктоочу аттестациялык сыноолорду жогорку окуу жайы эки жолудан ашык өткөрө албайт.

7.14. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны жана/ же бүтүрүүчү квалификациялык ишти кайрадан коргоо оң баа алуу же бааны жогорулатуу максатында уюштурууга жол берилбейт.

## 8. МАГИСТЕРДИК ИШТИ (БҮТҮРҮҮЧҮ КВАЛИФИКАЦИЯЛЫК ИШТИ) КОРГООНУН ТАРТИБИ

8.1. Бүтүрүүчү квалификациялык ишти (магистердик ишти) коргоо МАКтын жыйындарында ачык жүргүзүлөт.

8.2. Ишти коргоого магистрант тарабынан окуган учурунда жарыяланган бир илимий макала, илимий жетекчисинин пикири, магистердик ишке рецензент - оппонент тарабынан даярдалган пикир берилет. «Антиплагиат» программасы аркылуу текшерилбеген магистердик иш кабыл алынбайт, анын уникалдуулугу 60% кем болбошу керек («канааттанарлык» - 60%, 85% тен жогору - «эң жакшы»). Эгерде иш эки багыттын айкалышуусунда аткарылса, эки рецензентти дайындоо сунушталат. Магистердик иш рецензентке коргоо уюштурулуудан эки жума мурун берилет.

8.3. МАКтын магистердик ишти баалоо чечими МАК мүчөлөрүнүн көпчүлүк добушу менен жабык жыйында кабыл алынып, эгерде добуштар тең болсо, төраганын добушу чечүүчү болуп саналат.

8.4. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациянын жыйынтыгы боюнча МАК магистрантка тиешелүү багытта магистр квалификациясын ыйгаруу жана мамлекеттик үлгүдөгү дипломду берүү тууралуу чечим кабыл алат.

8.5. Магистердик ишти коргоодо терс чечим кабыл алынган учурда, ал иш үч айдан кем эмес жана беш жылдан ашык эмес убакыттын ичинде кайрадан коргоого коюлушу мүмкүн.

8.6. Магистердик ишти коргой албаган же академиялык карызы менен магистратурадан чыгарылган магистрантка белгиленген үлгүдөгү академиялык справка берилет.

| | | |
|---|---|---|
| Окуу иштери боюнча проректор | | Зайниев Р.А. |
| Илим, эл аралык коммуникациялар жана инновациялар боюнча проректор | | Чалданбаева А.К. |
| Мамлекеттик тил, жаштар саясаты жана спорт боюнча проректор | | Садыкбек кызы Ж. |
| Административдик-чарбалык иштер боюнча проректор | | Исаев Б.М. |

согласовано юрист
[illegible] Н.А.

Мам. тил бөлүмү